*УДК: (737.641)-(575.2).*
*DOI: 10.35254/bhu.2020.51.13*

***Сояк Каан***
*Кыргыз-Түрк Манас Университети*
***Мустафа Орчан***
*Социология илиминин профессору*

# СССР ДООРУНДАГЫ ФРУНЗЕ ШААРЫ ЖАНА ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИШКЕК ШААРЫНДАГЫ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ СИСТЕМАСЫ

# СИСТЕМА МЕСТНОГО САМОУПРАВЛЕНИЯ ГОРОДА ФРУНЗЕ СОВЕТСКОЙ ЭПОХИ И ПОСТСОВЕТСКОГО ГОРОДА БИШКЕК

# LOCAL GOVERNMENT SYSTEM OF THE SOVIET-ERA FRUNZE CITY AND POST-SOVIET BISHKEK CITY

***Аннотация:*** *Социализм доору Кыргызстанды кайра жаратып, аны индустриалдык-агрардык өлкөгө айландырды. Шаарлар жана калктуу пункттар пайда болду жана өнүктүрүлдү. Революция менен көтөрүлгөн Кыргызстандын бардык калкы жаңы жашоого киришкен. Ушул мезгилде Кыргызстанда жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасы СССРдин таасири менен киргизилип өнүккөн. Кыргыз коммунисттик партиясынын комитеттеринен бири болгон горком ушул мезгилде шаарды башкарган. Тарых сахнасына Пишпек атында чыккан борбор шаардын аты өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Орустардын таасири астында СССР доорунда Пишпек шаарынын аты Фрунзе деп өзгөртүлгөн. Коммунисттик системанын кулаганы менен Кыргызстанда КПССтин мурдагы тоталитардык-авторитардык режими авторитардык-демократиялык режим менен алмаштырылды. 1993- жылы эгемен Кыргызстандын биринчи Конституциясы кабыл алынган. Конституциянын кабыл алынышына байланыштуу Союздан калган жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасы да өзгөртүлгөн.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *СССР, Кыргызстан, Орус, КПСС, Конституция, Жергиликтүү өз алдынча башкаруу, Фрунзе, Пишпек, Бишкек, Республика, Революция, Тоталитардык-Авторитардык режим, Демократиялык режим.*

***Аннотация:*** *Система правления города Фрунзе во время СССР и города Бишкек после независимости Кыргызстана. Эпоха социализма возобновила Кыргызстан и сделало его индустриально-аграрным государством. Начали появляться и развиваться города и населенные пункты. С революцией население Кыргызстана начало новую жизнь. В итоге влияния СССР в это время в Кыргызстане появилась система муниципального-территориального управления. Горком,который был частью комитета Кыргызской коммунистической партии, возглавлял в это время город. Историческое название столицы-Пишпек был вынужден переименоваться. Из-за влияния русских во стремена СССР Пишпек переименовывается в Город Фрунзе.В связи с падением коммунистической системы в Кыргызской КПСС тоталитарно-авторитарный режим сменяет авторитарный-демократический. 1993 году было принята первая Конституция независимого Кыргызстана. После принятия Конституции меняется система местного самоуправления, оставшаяся от времён в Союзе.*

***Ключевые слова:*** *СССР, Кыргызстан, Русский, Фрунзе, Бишкек, Кыргызской Республики, КПСС, Пишпек, Горком, Революция, тоталитарно-авторитарный режим, авторитарный-демократический режим, местное самоуправление.*

***Annotation***: *The era of socialism resumed Kyrgyzstan and made it an industrial-agrarian state. Cities and towns began to appear and develop. With the revolution, Kyrgyz people began a new life. As a result of the influence of the USSR at that time, a system of municipal-territorial administration appeared in Kyrgyzstan. The city committee, which was part of the committee of the Kyrgyz Communist Party, headed the city at that time. The historical name of the capital-Pishpek was forced to rename. Due to the influence of Russians during the USSR, Pishpek was renamed the City of Frunze. In connection with the fall of the communist system in the Kyrgyz CPSU, the totalitarian-authoritarian regime is replacing the authoritarian-democratic. In 1993, the first Constitution of independent Kyrgyzstan was adopted. After the adoption of the Constitution, the system of local self-government changes from the times in the Union.*

***Key Words:*** *USSR, Kyrgyzstan, Russians, CPSU, Bishkek, Pishpek, Frunze, Kyrgyz Republic, City Committee, Revolution, Totalitarian-Authoritarian Regime, Authoritarian-Democratic Regime, Local Goverment.*

**СССР Мезгили Жергиликтүү Башкаруу Системасы**

СССР, 1917- жылы В.И. Лениндин жетекчилиги астында ишке ашырылган октябрь революциясын натыйжасында Орусия Империясынын кулашы менен 1922- жылы түзүлгөн мамлекет. СССРдин түзүлүшү менен адамзат, дүйнө тарыхында биринчи жолу социализм идеологиясы менен таанышты. Бул мезгилдин ичинде эвропадан баштап азия континентининдеги эн алыс жакка чейин социалисттик идеологиянын алдында башкарылган. Бул мезгилди жашаган мамлекеттерден бири да Кыргызстан. 1926-жылы Кыргызстан, Кыргыз Автономиялык Совет Социалисттик Республикасы атын алган. 1936-жылы Кыргыз Совет Социалисттик Республикасы атын алган [1.207-б.]. Тарыхый булактардан караганда 19- кылымда Орус жана Украиндик жарандардын Кыргыз аймагына келишине чейин Кыргыздар бул аймакта жашаган эн биринчи калк болгон. Башка жактардан келген мигранттардын натыйжасында Орустардын саны өскөн жана аймакта жашагандардын көпчүлүгүнү түзгөн Кыргыздардын саны Орустардан азыраак болуп калган. Таблицада 1989-жылы чүй областындажашагандардын саны берилген [2.53-б.].

| | |
|---|---|
| Кыргыз | %29 – 233.699 киши |
| Орус | %41 – 331.049 киши |
| Немис | %9 – 71.880 киши |
| Башкалар | %21 |
| Жалпы | 796.692 киши |

**Кыргыз ССР коммунисттик партиясы**

СССР коммунисттик партиясынын бир бутагы болгон жана Кыргыз ССРиндеги башкаруучу партия болгон. 1924- жылы түзүлгөн. Союз мезгилинде Кыргызстандагы бир гана партия коммунисттик партия болгон. Октябрь Революциясына чейинки мезгилде Кыргызстанда Ош, Кызыл-Кыя, Сүлүктү шаарларында Большевик жактоочулары бар болгон. Кыргызстандын түндүгүндө партиянын организациялары түзүлгөн. Бул организациялар кийин революциянын ишке ашуусуна чоң салым кошкон.

Кыргыз Автономиялык Областы түзүлгөндөн кийин 1925- жылы партиянын областтык комитети түзүлгөн. Бул комитет жарандардын жашоо мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатууну жана маданияттын денгээлин жогорулатуу боюнча таасир тийгизген. Комитет, кызматкерлерди даярдоо, жер жана суу реформаларын ишке ашыруу, электрификация жана өнөр жайдын өнүгүүсү үчүн даярдалган саясатка салым кошгон. 1937- жылы областтык комитет Кыргыз компартиясына айланган. Кыргыз компартиясы өз алдынча комитеттерге бөлүнгөн. Кыргыз компартиянын министрлеринин жыйыны болгон. Алар, айыл чарба министрлиги, коммуникация, курулуш, маданият, билим берүү, ички жана тышкы иштер, ден-соолук, юстиция, өнөр жай жана соода ж.б. министрликтер болгон. Алардан тышкары бир канча комитет бар болгон. Булал болсо, кино, жумушчу, тв жана радио, физкультура жана спорт, коопсуздук ж.б. комитеттер болгон. Булардын баары Кыргыз компартиясынын жобосуна ылайык түзүлгөн [3]. Кыргыз компартиянын биринчи башчысы М.Д. Каменский болгон. Андан кийин И.М. Невлер, Н.А. Узюков, В.П. Шубриков, А.О. Шахрай, М.Л. Белоцкий, М.К. Аммосов, А.В. Вагов, Н.С. Боголюбов, И.Р. Раззаков, Т.У. Усубалиев, А.М. Масалиев жана Д.Б. Аманбаев Кыргыз компартиясынын башчылары болгон. Кыргызстан коммунисттик партиясынын (мүчөлөрүнүн жана ЦК кандидаты мүчөлөрүнүн чогулушу) борбордук комитетинин пленуму 4 айдын ичинде жок дегенде 1 жолу чакырылган. Пленум, партиялык комитетинин төрагасы тарабынан бекитилген. Чечимдердин аткарылышы, учурдагы маселелерди кароосу жана текшерүүсү Кыргыз коммунисттик партиясынын борбордук комитетинин катчылыгы тарабынан камсыз кылынган.

**Фрунзе Шаар Комитети (**Фрунзенский Городской Комитет Компартии Киргизии)

Кыргыз ССРинин шаарды башкаруусун эн жогорку органы болуп саналат. Кыргыз коммунисттик партиясынын борбордук комитетинин жетекчилиги астында иштеген. Маселелер мыйзам менен жөнгө салынган. Фрунзе горкомдун мыйзам менен белгиленген суб-бөлүмдөрү бар болгон. Булар, организация бөлүмү, пропаганда жана агитация, өнөр жай-транспорт, башкаруу, соода жана финанс органдары, курулуш жана шаардык өнүгүү, илим жана билим берүү, жалпы иштер боюнча башкармалык. Фрунзе горком, шаардагы 4 административдик аймактын ишине көзөмөл жүргүзгөн. Булар, биринчи май, ленин, октябрь жана свердлов башкаруу аймактары. Бул шаарда үй иштерине жетекчилик кылган жана көзөмөлдөгөн. экономикалык иш менен камсыз кылуу, коом,

шаардык организацияларын иштерине жетекчилик кылган. Кыргыз компартиясынын шаардык жана райондук комитеттери өзүнүн жумушун аткарууда коммунисттик партиянын жогорку органдарына дайыма маалыматтарды үзгүлтүксүз камсыз кылууга зарыл болгон. Кыргыз компартиясынын жыйындарында парти мүчөлөрү өзүнүн аткарган иштери жөнүндө сөз сүйлөп парти менен коомдун ортосунда болгон байланышты жакшыртууга таасир тийгизген. Бул өзгөчө компартиянын иштөө стили жана ыкмаларын жакшыртууга таасир тийгизген. Компартия тарабынан тандалган кызматкерлерди тандоонун эн негизги фактору бул адамдардын иш-аракеттери жана саясий сапаттары, активдүүлүктөрү болгон. Партия тарабынан тандап катышкан адамдар бир гана Кыргыз улутундагы кишилерден эмес, башка улуттардан адамдар да парти комитеттеринин мүчөсү катары иштеген. Жумушчу жана колхоздордо иштеген кызматкерлер дагы компартиянын шаар комитетинин мүчөлөрү болгон. Жумушчулардын көптүгү компартия менен байланыштуу борборлордо билим алышган. Комсомол деп аталган ленинисттик жаштар уюму комунисттик идеологияга байланышкан жаштардан турган. Алардын көптүгү кийин комитеттерде секретар болуп иштеген. Парти комитеттери коомдук тартипти камсыз кылуу үчүн иштеген. Алар СССРдин мыйзамдарын ишке ашырууга милдеттүү болгон. Компартиянын басма сөз органы вечерний фрунзе атындагы гезит 1- январь 1974- жылы биринчи жолу басылып чыккан. Шаардык комитетинин имараты 1969- жылы курулган [4]. Горком, саламаттык сактоо тармагында кызмат кылган. Атап айтканда, оорууларга каршы салматтык сактоо борборлору түзүлгөн. Горком, турак-жай жана курулуш куруу үчүн кызматташууну күчөттү. Шаардын турак жай экспансиясы жана иштеп жаткан турак-жайларды күчөтүү үчүн жеке команда түзүүнү сунуш кылган. Шаардык комитет тарабынан ичүүчү суу менен камсыз кылуу үчүн система түзүлгөн. Бул системанын курулушу аяктагандан кийин экинчи баскычы ишке ашырылып суу бөлүштүрүү тармагын өнүктүрүүгө баштаган. Көпүрө куруу, шаарды жашылдандыруу, жол куруу, турак-жай куруу жана курулган турак-жайларды ижарага берүү боюнча иш аракеттерди жүргүзүү, көчөлөрдө же аянттарда мал багууга тыюу салуу, шаарда курал-жарактарды колдонууга тыюу салуу, керек болбогон учурда бакдарактарды кесүүгө тыюу салуу мыйзамдары кабыл алынган. Шаардык кеңешинин буйругу менен моңчолорду куруу иши жүргүзүлгөн. Горком, эт жана сүт азыктары менен камсыз кылуу үчүн өз бюджетинен каражат бөлүп берген. Горком, жашылча-жемиш жана сүт азыктары менен камсыз кылуу үчүн максатка ылайыктуу кредит берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон. Айыл чарба жана жашылча-жемиш тармагында иштеген адамдарга кредитти горкомдун айтуусу менен мамлекеттик айыл чарба банкы (сельхозбанк) берген [5. 172-176-б.]. Шаарда ар кандай жогорку окуу жайлары анын ичинде 51 билим берүү мекемелери ачылган. Илимий-изилдөө институту, Кыргыз жана Орус театры түзүлгөн. Натыйжада Фрунзе шаары Кыргыз ССРин өнөр жай, маданий жана илимий борбору болгон. Шаардын тургундарынын санын өсүшү менен суроо-талап да ушунчалык денгээлде өскөн.

**Эгемендүүлүктөн Кийинки Өз Алдынча Башкаруу Системасы**

Кыргызстан, 1991-жылынын 31- августунда көз карандысыздыгын жарыялаган. [6. 121-б.]. КПССтин мурдагы тоталитардык-авторитардык режими авторитардык-демократиялык режим менен алмаштырылды. Демократиялык башкаруу принциптери киргизилип, жалпы элдик (мамлекеттик) деп аталган менчиктин ордуна жеке менчикке артыкчылык берилүү менен менчиктин ар түрдүү формалары киргизилди. Пландык экономика базар экономикасына алмашты, мурда социалдык бир түрдүү коом тез эле дифференциялашып калды. Кыргызстандын биринчи конституциясы 5-май 1993-жылы кабыл алынган. [7. 101-б.]. Эгемендүү Кыргызстандын борбор шаары Бишкек болгон. СССР учурунда Фрунзе деп аталган шаардын аты эгемендүүлүктөн кийин Бишкек болуп өзгөртүлгөн. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 5- февраль 1991-жылкы мыйзамга ылайык шаардын аты өзгөртүлгөн [8]. 1995-жылы борбордук азия мамлакеттери ичинен биринчи жолу Кыргызстан жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасына өтүп бул система Бишкек шаарында түзүлгөн. Ушул жылы Бишкек шаарынын мэри шайланып бийликке келген [9. 137- б.]. **Борбордун статусу жөнүндө:** Ушул мыйзам Кыргыз Республикасынын борборунун республикалык маанидеги шаар болуп саналган Бишкек шаарынын статусун аныктайт. Кыргыз Республикасынын борборунун статусу мамлекеттик башкаруунун жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өзгөчөлүктөрү менен шартталган бишкек шаарынын укуктук абалын, ошондой эле бишкек шаары тарабынан Кыргыз Республикасынын борборунун иш-милдеттеринин жүзөгө ашырылышына байланыштуу алардын укуктарын жана милдеттерин аныктайт. Бишкек шаары Кыргыз Республикасынын борбору катары республиканын административдык-саясий, экономикалык, илим-билим берүүчү, тарыхый-маданий борбору; башкаруу мамлекет тарабынан өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктар боюнча мамлекеттик башкаруу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун принциптерине айкалыштырылып жүзөгө ашырылган, өзгөчө мамлекеттикмааниси бар административдык-аймактык бирдик; Кыргыз Республикасынын конституциясынын текстинин түп нускасы, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символдорунун эталондору турган жер; Кыргыз Республикасынын президентинин № 1 мамлекеттик резиденциясы, жогорку мамлекеттик бийлик органдары, башка мамлекеттик органдар, ошондой эле Кыргыз Республикасындагы чет мамлекеттердин дипломатиялык өкүлчүлүктөрү, консулдук мекемелери жана эл аралык уюмдардын өкүлчүлүктөрү жайгашкан жер болуп саналат. Борбор бишкек шаардык кеңеши бекиткен өз символдоруна (гербине, туусуна, гимнине) ээ [10]. Конституцияда, Бишкек мериясын милдеттери, мериянын структурасы, ыйгарым укуктары, шаардык кеңеши, мериянын башчысы, мериянын башчысын шайлоо процесси, комиссиялар ж.б. темалардагы маалыматтар жазылган. Мерия, шаардын өнүгүшү үчү жүргүзүлүүчү программаларга катышууга жана буларды колдоого милдеттүү. Жолдорду куруу, шаар ичи транспорт, тарыхый жана маданий байлыктарды коргоо мериянын баш-

тапкы милдеттери. Бишкек шаардык кеңеши - мыйзам менен белгиленген тартипте шаардын коомдоштугу тарабынан түздөн түз шайлануучу жана өз ишин коллегиялык негизде жүзөгө ашыруучу, шаардык өз алдынча башкаруунун шайлануучу өкүлчүлүктүү органы. Бишкек шаардык кеңешинин ыйгарым укуктарынын мөөнөтү 4 жыл. Бишкек шаардык кеңешине шайлоолорду өткөрүүнүн жана депутаттарынын ыйгарым укуктарын токтотуунун тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жөнгө салынат. Бишкек шаардык кеңешиндеги депутаттардын саны 45 [11]. Бишкек шаардык кеңешинин ишинин негизги уюштуруучулук формасы сессия болуп саналат. Бишкек шаардык кеңешинин биринчи сессиясында жашы боюнча улуу депутат төрагалык кылат. [12]. 2019- жылына жараша Бишкек шаардык кеңешинде 5 саясий партиялык фракция бар. СДПК 13 мүчө, Республика Ата Журт 12 мүчө, Өнүгүү Прогресс 8 мүчө, Мекеним Кыргызстан 7 мүчө, Кыргызстан 5 мүчө [13]. Бишкек шаарынын мэриясынын компетенцияларына кошумча төмөнкү маселелер кирет: саламаттык сактоонун, билим берүүнүн, архитектуранын жана шаар куруунун, ошондой эле жергиликтүү маанидеги маселелерге таандык башка чөйрөлөрдөгү мамлекеттик мекемелердин аймактык бөлүмчөлөрүнүн ишин жетектөөнү жана контролдоону жүзөгө ашыруу, шаардын аймагында көрктөндүрүү, соода, тышкы жарнакты жана маалыматты жайгаштыруу эрежелеринин сакталышына контролду жүзөгө ашыруу, шаар куруу, экологияны коргоо, шаар жолдорун, турак жай-коммуналдык чарба, объекттерин күтүү жана өнүктүрүү, шаар аймагын көрктөндүрүү, жашылдандыруу, керектөө калдыктарын башкаруу боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу, жылуулук, энергия, суу, газ менен жабдуу, канализация жана суу агызып чыгаруу, жол иши, шаардык транспорттун жана байланыштын бардык түрлөрү, шаарды көрктөндүрүү, жашылдандыруу, санитардык тазалоо, ошондой эле турак жай фондун инженердик камсыз кылуу, пайдаланууга берүү жана оңдоо жаатындагы иштерди координациялоо Бишкек мериясынын компетенциялары катарына кирет [14]. Бишкек шаарынын мэри: Мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмчөлөрүнүн ишин координациялайт, алардын жетекчилерин дайындоого макулдук берет. Бишкек шаардык кеңешинин макулдугу менен шаардын мэриясынын аймактык бөлүмчөлөрүн түзөт. Административдик райондордун башчыларын кызматка дайындайт жана кызматынан бошотот [15]. Бишкек шаарынын мэри Бишкек шаардык кеңешинин чакырылган мөөнөтүнө Бишкек шаардык кеңешинин депутаттары тарабынан жашыруун добуш берүү жолу менен шайланат. Бишкек шаарынын мэрин шайлоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары - Борбордук шайлоо комиссиясы) тарабынан жаңыдан шайланган Бишкек шаардык кеңешинин биринчи сессиясы башталган күндөн тартып 10 календардык күндөн кечиктирбестен дайындалат. Бишкек шаарынын мэрин шайлоо жашыруун добуш берүү жолу менен Бишкек шаардык кеңешинин депутаттары тарабынан жүзөгө ашырылат. Эгерде ага Бишкек шаардык кеңешинин депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтон экиси катышса, шайлоо болду деп эсептелет. Бишкек шаардык кеңешинин депутаттарынын жалпы санынын добуштарынын көпчүлүгүн алган талапкер шайланды деп эсептелет [16]. Бишкек шаарынын азыркы мери, 2018- жылы шайланган Азиз Суракматов. Шайлоого шаардык кеңештеги 45 депутаттын 44тү катышып, 43ү Суракматовдун талапкерлигин колдосо, бир депутат каршы добуш берген [17]. Совет доорунда тоталитардык-авторитардык режим үстөмдүк кылгандан кийин шаар комитети да бул режимдин алкагында башкарылган. Союз доорунда шайлоого катышкан коммунисттик партиядан башка эч кандай партия болгон эмес. Бир партиялуу система болгондуктан демократиянын бар экенин айтып берүү мүмкүн эмес. Бирок СССР доорунда баардык нерсе план боюнча ишке ашкан. Шаар пландарын даярдоодо адистер иштеген. Ар бир шаардын башкы архитектору болгон. Тарыхый жана маданий баалуулуктар коргоого алынган. Шаарда көптөгөн парктар, жашыл талаалар бар болгон. Тоталитардык-авторитардык режими авторитардык-демократиялык режим менен алмаштырылган. Пландык экономика базар экономикасына алмашган. Коммунисттик идеология буржуазиялык-либералдык идеологияга жол берген. Бүгүнкү күндөгү демократиялык система негизинде Бишкек демократиялык система менен башкарылат. Шайлоого бирден көп партия катышат. Шаардын мери шайлоо менен чечилет. Шаардык кеңеште чечимдер демократиялык жол менен кабыл алынат.

***Адабияттар:***


1. *Abdykulova, Roza, Asya Araştırmaları Dergisi, Kırgızistan Cumhuriyeti Ülke Tanıtımı, 2018.*
2. *http://www.stat.kg/media/files/aa7cd7ae-9f37-4dc1-b103-c828ac335b00.pdf 10.10.2019*
3. *Энциклопедия «Фрунзе», Б.О.Орузбаева. 1984.*
4. *Энциклопедия «Фрунзе», Б.О.Орузбаева. 1984.*
5. *ЦГА ПД КР. Ф. 539 Оп. 1. Д. 63. Л. 172,176.*
6. *Türk Dünyasında Yerel Yönetimler, 2013.*
7. *Türk Cumhuriyetleri Anayasaları, 2012.*
8. *http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/50943?fbclid=IwAR2zaB6CWYjozu1W- WOHlulxovLTeZ0R1IaR5ou5Zsj1NschulVsUJsdNkw 25.10.2019*
9. *Ч. Жаныкээва, Конституционные Основы Развития Местного Самоуправления в Кыргызской Республике, Бишкек, 2008.*
10. *Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, Борбордун Статусу Жөнүндө, 1-глава, 1-берене.*
11. *Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, Борбордун Статусу Жөнүндө, 1-глава, 10-берене.*
12. *Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, Борбордун Статусу Жөнүндө, 1-глава, 11-берене.*
13. *http://www.gorkenesh.kg/deputattyk-corps 15.11.2019*
14. *Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, Борбордун Статусу Жөнүндө, 1-глава, 20-берене.*
15. *Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, Борбордун Статусу Жөнүндө, 1-глава, 21-берене.*
16. *Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, Борбордун Статусу Жөнүндө, 1-глава, 23-берене.*
17. *https://sputnik.kg/politics/20180808/1040530920/aziz-surakmatov-mehr-boldu.html 28.12.2019*


***Рецензент: к.соц.н.,доц. С.Сыргабаев***